| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын  кезексиз он сегизинчи сессиясы

**ТОКТОМ №18-1**

Мундуз айылы                                                   29-декабрь 2025-жыл

**“Сузак районунун ардактуу атуулу” наамына сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана 2024-жылдын 28-ноябрында бекитилген Кызыл-Туу айылдык кеңешинин Регламентин негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 26-декабрындагы отурумунун №11 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зор салым кошкон жана үзүрлүү эмгектенген төмөнкү жаран “Сузак районунун Ардактуу атуулу” наамына сунушталсын:
   - Мурзабаев Пусурманкул Тилешович - Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн айыл башчысы.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага**                                                   **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он сегизинчи сессиясы

**ТОКТОМ №18-2**

Мундуз айылы 29-декабрь 2025-жыл

**“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана 2024-жылдын 28-ноябрында бекитилген Кызыл-Туу айылдык кеңешинин Регламентин негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 26-декабрындагы отурумунун №11 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зор салым кошкон төмөнкү жарандарга “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын:

    - Сыдыкназаров Баратбек Жалалбекович– Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким;
    - Абдыкадыров Жолдубай - Таштак айылынын тургуну.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он сегизинчи сессиясы

**ТОКТОМ №18-3**

Мундуз айылы 29-декабрь 2025-жыл

**Кызыл-Туу айыл аймагындагы шайлоо участкаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 9-декабрындагы чыгыш №01-28/2690 сандуу катынын, Кызыл-Туу айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 26-декабрындагы отурумунун №11 протоколунун негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын Кызыл-Алма айылындагы №2383 шайлоо участкасынын шайлоочуларынын саны жана схемасы Ак-Булак айылындагы №2024 шайлоо участкасынын шайлоочуларынын санына жана схемасына бириктирүү жагы Сузак аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.

2. Участкалык шайлоо комиссияларынын такталган чек аралары жана схемалары Сузак аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин.

3. Токтомдун ишке ашыруу жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он сегизинчи сессиясы

# ТОКТОМ №18-4

Мундуз айылы 29-декабрь 2025-жыл

**Таштак айылындагы жер аянтынын максаттуу багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 28-ноябрындагы чыгыш № 01-28/2595 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 29-декабрындагы отурумунунун №10 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Таштак айылындагы 3-05-07-1013-1016 сыр белгисиндеги Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган 7200,0 чарчы метр жер аянтынын максаттуу багытын “Ден-соолукту чыңдоочу спорт мектебин курууга” деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун ишке ашыруу жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**